**Толоев Максатбек Женишовичтин 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Жогорку класстын мектеп окуучуларынын агрессивдүүлүк жоруктарын жоюунун педагогикалык шарттары» аттуу диссертациясына расмий оппоненттин**

**ПИКИРИ**

**Изилдөөнүн актуалдуулугу** Кыргызстандагы түзүлгөн социалдык-экономикалык кырдаал мектептеги агрессиянын, зомбулуктун өсүшүнө алып келгендиги, мектепте рэкет, чоңдордун кичүүлөргө карата, күчтүүлөрдүн алсыздарга карата зомбулук кылуусу көбөйгөндүгү менен шартталат. Конфликт жана зомбулук атмосферасына кабылган бала жардам жок болгон учурда жана чоңдор жана мугалимдер тарабынан кандайдыр бир аракеттер жасалбаган учурда, өзү бул маселени чече албайт жана/же зомбулуктун курмандыгы болот, же болбосо өзү зомбулук көрсөтө баштайт. Жыл сайын Кыргызстанда өспүрүмдөр тарабынан 700дөн 900гө чейин кылмыштар жасалат, 2000 чукул мектеп окуучулары кылмыштуулук чөйрөсүнө тартылышат.

Педагогдордун милдети окуучулардын эмоционалдык жана когнитивдик жетилүүсүнө көмөктөшүү, мектеп окуучуларына дайыма өзгөрүп турган дүйнөдөгү жашоо көндүмдөрүнө жана билгичтиктерине үйрөтүү, агрессиясыз конструктивдүү жүрүм-турумдун моделин түзүү аркылуу мектептеги зомбулуктун бардык формаларына каршылык көрсөтүү, мектеп окуучуларын адамдарга карата толеранттуу мамиле кылууга тарбиялоо жана конфликттүү кырдаалдарды тынчтык жолу менен чечүүгө үйрөтүү. Мектептеги зомбулук менен күрөшүүдө мугалимдерге чечүүчү роль таандык, бирок анын түрлөрү менен күрөшүүдө жалгыз алардын күчү жетпейт. Мектептеги агрессия коомчулуктун бардык мүчөлөрүн тартуу менен көп тараптуу аракеттерди талап кылат. Ата-энелер, социалдык кызматкерлер, бийлик органдарынын жана коомдук уюмдардын өкүлдөрү окуучулар, мугалимдер жана мектеп жетекчилиги менен эриш-аркак аракет

жасашы керек. Мектеп жамаатынын ар бир мүчөсү жалпы аракеттердин бөлүгү болгондо гана, сунушталган чаралар натыйжалуу болот.

**Изилдөөнүн максаты:** жогорку класстын мектеп окуучуларынын агрессивдүү жоруктарын жоюунун педагогикалык негиздерин, шарттарын аныктоо жана аларды эксперименталдык текшерүүдөн өткөрүү.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:** илимий булактарды талдоонун негизинде жогорку класстын окуучуларынын агрессивдүүлүгүн жоюу проблемасынын теориядагы жана практикадага абалы жана анын зарылдыгы аныкталган; жогорку класстын окуучуларынын агрессивдүүлүгүнүн мазмуну, келип чыгышынын өзгөчөлүктөрү, факторлору, себептери, "агрессивдүүлүк" жана "агрессиялык жүрүм-турум" түшүнүктөрүнүн мааниси, маңызы, функционалдык, структура-мазмундук мүнөздөмөлөрү, мазмуну такталган; жогорку класстын окуучуларынын агрессивдүүлүгүн жоюунун натыйжалуулугун камсыз кылган педагогикалык шарттардын комплекси, теориялык модели, механизми, критерийлери, деңгээлдери, аныкталган, педагогикалык шарттардын жана теориялык моделдин натыйжалуулугу педагогикалык экспериментте текшерилип, практикалык сунуштар иштелип чыккан.

**Алынган натыйжалардын практикалык мааниси.** Изилдөөнүн жыйынтык-бүтүмдөрүн жоболорун мектепте жогорку класстын окуучуларынын агрессивдүүлүгүн аныктоонун жана жоюунун технологиясы, каражаттары, модели, уюштуруу-методикалык сунуштар, мектеп мугалимдери, жогорку окуу жайдын студенттери жана ата-энелер, класс жетекчилер тарабынан колдонсо болот.

**Илимий натыйжалардын ишенимдүүлүгү**. Диссертацияда балдардын агрессивдүүлүгүнүн табияты, мазмуну, келип чыгышынын өзгөчөлүктөрү, факторлору, себептери философиялык, педагогикалык, психологиялык, экологиялык, окуу-методикалык адабияттарды контент анализ методу менен талдоо аркылуу айкындалган. Жогорку класстын окууларынын агрессивдүү жоруктарын коррекциялоо жолдору моделдештирүү методу аркылуу айкындалып, алардын ишенимдүүлүгү

атайын жүргүзүлгөн эксперименттин натыйжаларын сандык жана сапаттык жактан талдоо аркылуу тастыкталган.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, үч баптан, жалпы корутундудан, колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат.

**Биринчи бап "Жогорку класстын окуучуларынын агрессивдүү жоруктары жана аны жоюунун теориялык өбөлгөлөрү"** деп аталып, окуучулардын агрессивдүүлүгү маселесинин теориядагы, практикадагы абалы, анын мазмуну, формалары, пайда болушунун жана калыптанышынын факторлору, жоюунун шарттары каралган жана бүгүнкү күндө агрессивдүүлүк поблемасы педагогикалык, психологиялык, социологиялык, медициналык, биологиялык, философиялык феномен катары каралат; бул багытта Кыргызстанда да илимий изилдөөлөр жүргүзүлүп, мектепте практикалык иш-чаралар уюштурулуп бир кыйла тажрыйба топтолгон.

Изденүүчү илимий булактарга жана мектеп практикасында топтолгон тажрыйбаларга таянуу менен, жогорку класстын окуучуларынын арасында агрессивдүүлүктүн формаларын, факторлорун, жагдайларын, агрессивдүү жоруктардын келип чыгыш себептерин, мектеп окуучуларынын агрессивдүүлүгүн жоюунун жолдорун көрсөтөт.

**Экинчи бап «Жогорку класстын окуучуларынын агрессивдүүлүгүн изилдөөнүн методикасы жана материалдары»** деген аталышта. Проблеманын натыйжалуу чечилиши изилдөөнүн методологиялык жактан негизделишине жана методдорун туура тандап алынышына байланыштуу болот. «Кыргызстанда мектеп окуучуларын тарбиялоонун концепциясына» жана укуктук-нормативдик расмий документтердин талаптарына ылайык жогорку класстын окуучуларынын агрессивдүүлүгүн жоюуну коомдогу социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдүн шарттарына ылайык методологиялык жактан негиздөөнүн зарылдыгы келип чыкты. Методологиялык негиз жогорку класстын окуучуларынын агрессивдүүлүгүн жоюуну изилдөөнүн методдорун, анын

педагогикалык шарттарын, критерийлерин, деңгээлин, технологиясын аныктоого жардам берет. Изилдөөнүн методологиясын системдүүлүк, этнопедагогикалык, иш-аракеттик, инсандык мамиле түзгөн. Педагогикалык практикада жогорку класстын окуучуларынын агрессивдүүлүгүн жана анын пайда болушун ар түрдүүчө түшүнүшүп, баалашып, ага карата иш-аракет жасашат. Мына ушуга байланыштуу, изилдөө методдорунун комплексин колдонуу жана методикасын конструкциялоо алынган материалдардын ишенимдүүлүгүн, далилдүүлүгүн камсыз кылат.

Жогоруда белгиленген мамиле жасоонун багыттары изилдөөнүн максатына жана милдеттерине ылайык жалпы педагогикалык жана атайын методдордун комплексин тандап алууга негиз болгон.

**Үчүнчү бап «Жогорку класстын окуучуларынын агрессивдүү жоруктарын жоюу боюнча педагогикалык эксперимент жана анын жыйынтыгы»** деп аталат. Педагогикалык эксперименттин максаты изилдөөнүн жүрүшүндө иштелип чыккан моделдин жана педагогикалык шарттардын натыйжалуулугу аныкталган.

Калыптандыруучу эксперименттин соңунда жогорку класстын окуучуларынын агрессивдүүлүк тууралуу билиминин жана аны жоюуга багытталган ишмердүүлүгүнүн калыптануусунун көрсөткүчтөрү, жалпы деңгээли, мотивациялык, когнитивдик, иш-аракеттик компоненттеринин өзгөрүшүнүн динамикасы атайын изилдөө методдорунун комплексин (анкета алуу, тесттен өткөрүү, аңгемелешүү ж.б.) колдонуу менен текшерилген. ЭТ-тун окуучуларынын этика, мораль, укуктук маданият, агрессивдүүлүк боюнча билими жогорулагандыгы байкалат. Анткени атайын түзүлгөн программаны окутууда ар бир темага ылайык кошумча тапшырмалар берилип, ар түрдүү коомдук иш-чараларга тартылган.

Жогорку класстын окуучуларынын агрессивдүүлүгүн жоюу –педагогикалык шарттарды аныктоону талап кылган, агрессивдүү жүрүм-турумду алдын алууга багытталып, инсандын руханий өнүгүүсүн максат кылган педагогикалык агартуучулук ишмердүүлүк, билим берүү процессинин бардык катышуучулары үчүн маселени актуалдаштыруу

аркылуу ушул проблеманы алдын алуу; агрессивдүү жүрүм-турумду локалдаштыруу же токтотуунун шарты катары “агрессорлор жана агрессияга кабылгандар” менен педагогикалык иш алып барууну көңүл борборуна алуу; жогорку класстын окуучулары үчүн өзүн реализациялоого мүмкүндүк бере турган чөйрөнү түзүү.

Аныкталган теориялык моделди педагогикалык эксперимент аркылуу текшерүүнүн натыйжалары мектепте жогорку класстын окуучуларынын агрессивдүү жоруктарын жоюунун педагогикалык шарттарын ишке ашыруу маселесин жана илимий практикалык сунуштарды иштеп чыгууга шарттап оң натыйжаны камсыз кылган.

**V. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келиши.** Изденүүчү Толоев Максатбек Жеңишовичтин илимий диссертациясынын авторефераты негизги жоболору, баптарынын жана бөлүмчөлөрүнүн структурасы менен мазмуну, келтирилген илимий шилтемелери, ой-корутундулары жагынан диссертациянын мазмунуна толук дал келет. Авторефератта диссертациянын кыргыз, орус жана англис тилдериндеги резюмелери бирдей мазмунда берилген. Автореферат структурасы жана мазмуну боюнча авторефератка коюлуучу талаптарга толук жооп бере алат.

**VI. Диссертациянын мазмунунда жана авторефератта орун алган мүчүлүштүктөр.** Диссертациялык изилдөөдө алынган орчундуу оң натыйжалар менен катар, сын-пикир же сунуш иретинде көрсөтүүгө боло турган бир катар мүчүлүштүктөр да кездешет. Алар төмөнкүлөр:

1. Агрессивдүүлүктүн пайда болушу жана аны жоюунун педагогикалык маселелерине кайрылганда, негизинен, орус окумуштууларынын эмгектерине гана таянгандыгы байкалат. Кыргызстанда бул проблема боюнча илимий изилдөөлөр жокпу?

2. Мектепте жогорку класстын окуучуларынын агрессивдүүлүгүнүн пайда болуу факторлору кеңири изилденип анализге алынган, ал эми бүгүнкү коомубуздагы эң негизги көрүнүштөрдүн бири болгон миграциялык процесстерди камтуу менен талдоо жүргүзүлсө, иштин теориялык жана практикалык мааниси артмак.

3. Изилдөөнүн жүрүшүндө алынган материалдар талданып, окуу-методикалык комплекстер, практикалык сунуштар иштелип чыгып, мектеп практикасына киргизилгени изденүүчүнүн жекече салымы катары көрсөтүлгөн. Белгиленген жагдайларды так конкреттештирүү керек деген ойдобуз.

Жогоруда келтирилген мүчүлүштүктөр диссертациялык изилдөөнүн илимий деңгээлине, теориялык жана практикалык маанисине олуттуу кедерги тийгизе албайт. Изденүүчү аларды кабыл алса да, кабыл албаса да болот.

Толоев Максатбек Жеңишовичтин педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган **«Жогорку класстын мектеп окуучуларынын агрессивдүүлүк жоруктарын жоюунун педагогикалык шарттары»** аттуу диссертациялык изилдөөсүн диссертант тарабынан өз алдынча аткарылган, орчундуу илимий натыйжаларды камтыган жана Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясы тарабынан кандидаттык диссертацияларга коюлуучу талаптарга жооп берген илимий-квалификациялык иш катары эсептөөгө болот, ал эми изденүүчү 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын алууга татыктуу.

**Расмий оппонент,**
**педагогика илимдеринин**
**кандидаты, доцент** **А. А. Иманбаев**

А.А. Иманбаевдин
колун
ЫРАСТАЙМЫН
Окумуштуулар кеңешинин
катчысы
«19» 05 2021